УДК:81.272(575.2)(04)

# ИСТОРИКО-НАЦИОНАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ: ЯЗЫК, НРАВТВЕННОСТЬ И ИДЕНТИЧНОСТЬ

**Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович,**
ведущий научный сотрудник
**Карабукаев Кадыркул Шаршеевич**
ведущий научный сотрудник
**Ибраев Мирлан Эрмекович,**
ученый секретарь

# ТАРЫХЫЙ-УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАР: ТИЛ, НАРК ЖАНА ИДЕНТТҮҮЛҮК

**БекбоевАскарбек Абдыкадырович,**
жетектөөчү илимий кызматкер
**Карабукаев Кадыркул Шаршеевич**
жетектөөчү илимий кызматкер
**Ибраев Мирлан Эрмекович,**
окумуштуу катчы

# HISTORICAL AND NATIONAL VALUES: LANGUAGE, MORALITY AND IDENTITY

**Bekboev Askarbek Abdykadyrovich,**
leading researcher
**Karabukaev Kadyrkul Sharsheevich,**
leading researcher
**Ibraev Mirlan Ermekovich,**
scientific secretary

*КР УИАнын философия институту*
*Институт философии НАН КР*
*Institute of Philosophy of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

***Аннотация.*** В статье подвергаются анализу понятия: “слово” (язык), “нравственность и “идентичность” в контексте историко-национальных ценностей. Нра́вственность — моральное качество человека, правила, которыми руководствуется человек в своём выборе. Идентичность — это представления о принадлежности человека к различным группам и общностям: социальным, экономическим, национальным, профессиональным, языковым, политическим, религиозным, гендерным, расовым и другим. Мораль — совокупность особых, духовных правил, регулирующих поведение человека, его отношение к другим людям, самому себе, а также к окружающей среде. В конце статьи прилагается эссе о совести как конкретное проявление содержательной сущности статьи.

***Ключевые слова:*** *философия, слово, язык, нравственность, национальная идентичность, мораль, логос, совесть, мысль, мышление, познание, сознание.*

***Аннотация.*** Тарыхый-улуттук баалуулуктардын алкагындагы "сөз"; "улут"; "нарктуулук", "иденттүүлүк" деп аталган түйүндүү түшүнүктөр бул окурмандарга сунуш кылган макаланын мазмундук бүтүндүгүн, таанымдык конструкциясын, логикалык мейкиндигин аныктап турат. "Сөз", "улут", "нарктуулук" түшүнүктөрүнүн бири-бирин толуктап, биринен бирине өтүп турган ажырагыс биримдиги улуттук иденттүүлүктүн пайдубалын түзөт. Иденттүүлүк – жалпылыктын, социомаданий жалпылыктын конкреттүүлүгү, конкреттүү көрүнүшү, жекеликтин жалпылыгы, жалпылыктын жекелиги, жекеликтин жалпылыкка айланышы, жалпылыктын жекелик аркылуу көрүнүшү. Мораль – коомдук зарылдыкты, коомдун коом болушун зарыл түрдө шарттап турган тутумдаш жүрүм-турум эреже-талаптарынын жыйындысы. Макаланын соңунда анда козголгон маанилүү маселелердин конкреттүү көрүнүшү катары абийир тууралу эссе тиркелди.

***Негизги сөздөр:*** *сөз, тил, нарк, нарктуулук, улуттук иденттүүлүк, мораль, логос, абийир, философия, мыйзамченемдүүлүк, ой, ойлом, аңсезим.*

***Abstract.*** The article analyzes the concepts of "word" (language), "morality and "identity" in the context of national values. Morality is the moral quality of a person, the rules that guide a person in his choice. Identity is the idea of a person's belonging to various groups and communities: social, economic, national, professional, linguistic, political, religious, gender, racial and others. Morality is a set of special, spiritual rules governing human behavior, his attitude to other people, to himself, as well as to the environment. At the end of the article, an essay on conscience was attached as a concrete manifestation of the substantive essence of the article.

***Key words:*** *philosophy, word, language, morality, national identity, morality, logos, conscience, thought, thinking, cognition, consciousness*

Тарых, логикалык, диалектикалык өңүттөн алып караганда, бир эле пайдубалга ирети менен бир нече кабатты куруу эмес, ал бир кабаттын (бүтүндүктүн) бузулуп, экинчи «кабатка» (бүтүндүккө) айланышы, оңдолуп, түзөлүп, бирок ошол материалдар аркылуу айланышы

Өнүгүүнүн улам кийинки стадиясы анын өзүнө чейинки формаларын камтып турат. Тарыхый процесстеги оболку өбөлгө, уңгулуу урук, логикалык процессте түйшүктүү таанымдын үзүрү, натыйжасы. Демек, логикалык процесс тарыхый процесстин ажатын ачат, ошол эле мезгилде анын (логикалык процесстин) негизин тарыхый өнүгүш түзөт. Өбөлгөнүн (себептин) үзүргө (натыйжага) айланышы ой таанымдын «тарыхый» кызматы.

Логика менен тарых (логикалык менен тарыхыйлык же логикалык процесс менен тарыхый процесс) дал келет, төп келет, тогошот, анткени биринчиси (логика) экинчисин (тарых) чагылдырат. Бирок өйдөдөгү, жогорку өнүккөн логикалык форма төмөнкү логикалык форманын чектелген абстрактуулугун ачып бере албайт, аны тарыхый процесс гана аныктайт. Анткени логика үчүн өнүккөн форма баштапкы «постулат» болуп эсептелет. Натыйжада, мистикалык сымал кырдаал түзүлөт: теорияда баласы атасын, рух реалдуулукту (материяны) жаратат. «Логика» жогортон төмөнгө, татаалдан жөнөкөйгө, ал эми тарых төмөндөн жогоруга, жөнөкөйдөн татаалга багытталат. Бирок, алар бир эле убакта бири биринен окчундаган жана бири бири менен тыгыз байланышкан процесс. Бул процесстер-диалектикалык окчундоонун (отчуждение) көрүнүшү. Логикалык процесс менен тарыхый процесстин

айырмачылыгы, б.а. алардын бири биринен диалектикалык окчундоосу «логика» менен «тарыхтын» дал келишин же логика бул туура, адекваттуу аңдалган тарых экендигин тана албайт. Логиканы объективдүү реалдуулук катары, ал эми тарыхты диалектикалык кубулуш катары түшүнүү зарыл.

Ошондуктан, нукура илимий изилдөө көп кырдуулуктун биримдиги болгон конкреттүүлүктөн анын бир кырын түзгөн абстрактуулукка багытталып (логикалык процесс), тигил же бул нерсе, кубулуштун эволюциясын, анын кандайча жаралып, кандай этаптарды басып өтүп, өнүккөнүн жана анын азыркы карама-каршылыктуу табиятын ачып берүүсү зарыл (тарыхый процесс). Мындай критерийге жооп бербеген илимий иш илимий жалпылоолордон куржалак калат, ал доксографиялык мүнөздөгү тарыхый калейдоскопко айланат.

Тарых башаты – чоң жарылуу. Чоң жарылуу алай-дүлөй хаосту (башаламандыкты) жаратты. Башаламандык соңку салыштырмалуу жаңы илимий тармак – синергетиканын концепциясына ылайык башаламандык өздүк уюмдашуунун натыйжасында тартиптешти. Жашоого шарт түзүлдү. Ошондон бери аалам кеңейип келет. Эң биринчи "СӨЗ" болгон. Байыркы Чыгыш ойчулдары, гректер таамай белгилегендей сөз улук, баардыгы сөздөн башталат. Сөз, сөздүн табигый кудурети жөнүндө белгилүү философ-антиковед А.Ф.Лосев мындайча жазат: "слово есть понятие и символ, которые являются отражением "образа обозначаемого им предмета и смысла образа". Оно по сути есть пароль и способ философствования, в нем выражается "интеллектуально-выразительный акт", оно «всегда глубинно перспективно, а не плоскостно». [5,58б.] (Авторлордон: маанисин толук сактоо максатында цитата бул жерде түп нускасында берилди, мындан ары да ушул эле тартип колдонулду)

Эмне үчүн сөздөн башталат, анткени биринчиден, адам өзүнүн адам экендигин сөз аркылуу аңдайт; экинчиден сөз эң байыркы синерго – башаламандыктын (хаос) алгачкы тартиптешүүсүн туюндурган кубулуш. Ушундан улам диний идеологемаларда сөздүн кудай менен теңата чечмелениши кокустук эмес. Сөздү ыйык туткан бул пикир тиричилик менен киндиктеш жөндүү, негиздүү пикир, турмуштук акылмандыктан улам жаралган пикир. Сөздүн кыска таржымалы, экспликациясы: турмуштук кубулуш-окуяларды жалпылоонун негизинде сөз жаралды, сөз түшүнүккө айланды, түшүнүк – логоско, логос категорияга, категория мыйзамченемдүүлүккө айланды.

Нерселерди, аларга тиешелүү касиеттерди жалпылоонун натыйжасында "СӨЗ", сөздөрдү жалпылоонун натыйжасында түшүнүктөр, түшүнүктөрдү жалпылоонун натыйжасында "категориялар", категорияларды жалпылоонун натыйжасында "мыйзамченемдүүлүктөр", мыйзамченемдүүлүктөрдү жалпылоонун натыйжасында универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөр, универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрдү жалпылоонун натыйжасында илгерилеп-кетенчиктеп философия калыптанды.

Ар бир сөз "философиялык дүрмөткө" ээ, анткени сөздүн тыбыштык импликациясын, мазмундук дараметин жалпылоо түзөт. Философиянын концептуалдык башталмасы да жалпылоо менен байланыштуу. Сөз акылдын, адамды адам кылып турган аңсезимдин "көзү", көзү гана эмес күзгүсү. Адам сөз (тил) аркылуу дүйнөтүзүлүштү, өзүнөзү аңдап-тааныйт, адамдын билгени – сөзүндө (тилинде), адамдын ким экендиги сөзү аркылуу таанылат. Адам болуу, адамдын өзүн адам катары аңдоосу сөздөн башталат, сөздүн улуулугу ушунда. Тарых тастыктап тургандай турмуштук зарылдыктан улам адам сөздү

жаратса, сөз адамды, адамдын аңсезимин өрчүттү. Сөзсүз адамды, адамсыз сөздү элестетүү мүмкүн эмес. "Сөз – болмуштун үйү", "адам ал болмуштун чабаны", деген учкул образдуу ойдун автору белгилүү философ Хайдеггер мындай деп жазат: «Язык есть дом бытия. В жилище языка обитает человек. Мыслители и поэты – хранители этого жилища. Их стража – осуществление открытости бытия, настолько они дают ей слово в своей речи, тем сохраняя ее в языке» [3. 266-267б.; 9, 266-267б. ]

"Сөз"; "улут"; "нарктуулук", "идент-түүлүк" деп аталган төрт түйүндүү түшүнүк бул окурмандарга сунуш кылган макаланын мазмундук бүтүндүгүн, таанымдык конструкциясын, логикалык мейкиндигин аныктап турат. "Сөз", "улут", "нарктуулук" түшүнүктөрүнүн бири-бирин толуктап, биринен бирине өтүп турган ажырагыс бримдиги улуттук иденттүүлүктүн пайдубалын түзөт.

Көпчүлүк илимий, айрыкча илимий-популярдуу эмгектерде, СӨЗ (лексема) дээрлик коммуникациялык кубулуш, комуникациялык каражат катары интерпретацияланат, түшүндүрмөлөнөт. Бирок ал каражат эле эмес, өтө татаал жандуу кубулуш, аңсезимдин фундаменталдуу постулатын түзөт Ал аңсезимден сыртта турган нерсе-кубулуштардын ширөөсүнөн, таасиринен жаралып, аңсезимдин "ичинде" калыптанып, сөз түрүндөгү өзүнүн формасына ээ болот да, андан аркы "өмүрүн" аңсезимдин сыртынан улантат. Ошол эле мезгилде, ой менен сөз ажырагыс биримдикте - ойсуз сөз, сөзсүз ой жок. Сөз аркылуу ойлонобуз, оюбузду сөз менен туюндурабыз. Сөз түрүндө оюбузду туюндурганга чейин "сөзгө чейинки сөз" интуициянын тили менен ойлонуп, ал ойдун жыйынтыгында ойлом тыянагы, тааным кудурети пайда болот. Сөз ойдун да, интуициянын да тили. Сөз логос болду, логос философемага, философема философияга айланды.

Тил – сөздөрдүн, сөзайкаштарынын, сөзтүркүмдөрүнүн тутумдаш куруму. Сөз логикалык лексема, бирдик, жекелик болсо, тил логикалык бүтүндүк. Тил илиминин өтө татаал бөлүгү - синтаксис, формалдык, математикалык белгилүү бир деңгээлде диалектикалык логиканын тилдик (лингво-философиялык) формасы болуп эсептелет. Тил – аңсезимдин тикеден-тике чындыгы, жандүйнөнүн, рухий түзүлүштүн философиясы. Элдин элдүүлүгү, улуттун улут экендиги – тилдин табиятында, тилдин мазмунунда, тилдин семантикалык, лексикалык байлыгында.

Тил менен философия маани-мазмуну, табияты, тааным дарамети боюнча бирине-бири тутумдаш, анткени бул эки феномен тең дүйнөтүзүлүштүн абстракциясы же обьективдүү дүйнөнүн субьективдүү образы, же логикалык ыңгайда туюндурганда конкреттүлүктөн (дүйнөтүзүлүштөн) абстракцияланып, кайрадан конкреттүүлүккө, аны толугураак түшүнүүгө умтулат. Аталган феномендер турмуштан (ноуменден) алынган, турмушту таанып билет, турмушту аңдайт жана турмушту "үйрөтөт", турмушка "бышырат", турмушту кенениреэк билүүгө көмөк болот. Чыныгы философия тилге, чыныгы тил философияга шерик, экөө тең "дүйнөтүзүлүштүн, жашоонун маңызы эмне", "адам –эмне", "канткенде адам адам болот", "жакшылык менен жамандыктын түйүнү эмнеде", "кантип жашоо-турмушту жандүйнөгө ылайыктай алабыз", "конфликт, чырчатак, коомдук карама-каршылыктардын сыры эмнеде, алардан кантип арылабыз", "зарылдык менен эркиндикти (кокустукту) кантип айкалыштырабыз" деген сыяктуу дипозону өтө кең суроолордун орбитасында айланып келди, азыр да айланып жүрөт.

Кандай гана тилдик кубулуш болбосун, ал белгилүү бир канондор, логикалык каражаттар аркылуу кыйма-чийме татаал дүйнөтүзүлүштү, оош-кыйыш катаал жашоо-турмушту таануунун, аңдоонун, кынаптап иликтөөнүн үзүрү болуп

эсептелет. Тилдик логос менен философиялык ойтолгоонун этимологиясы теги бир: метафизика менен тил субстраты жалпы эки акцидент, бир субстанция.

Ментал, менталдык, "менс" же жалпысынан "менталитет" түшүнүгү, кубулушу тилдик, улуттук бөтөнчүлүктү, философиянын же философеманын "улуттук жүзүн", улуттук акылды, улуттук аңсезимди аныктап турат. Бекеринен соңку учурда илимпоздор тарабынан менталитет түшүнүк катары чечмеленген жок. Түшүнүк бул – концептулдык сөз, концептуалдык тилдик кубулуш, сөздүн, сөзайкашынын, тилдик бирдиктин мазмундук талаасы, концепттик диапозону тереңдетилип, кеңейтилип логикалык каражатка айланган формасы. Орус тилиндеги менталитет тууралуу таамай айтылган образдуу салыштырууга кайрыла кетели: "мы смотрим на мир сквозь очки с толстыми кривыми стеклами, которые нам одели в детстве. Эти очки — воспитание, культура, менталитет. От них не избавиться никогда".

Мораль, нарк түшүнүктөрү жогоруда учкай сөз болгон ойлор менен логикалык жактан тутумдаш. Мораль – коомдук зарылдыкты, коомдун коом болушун зарыл түрдө шарттап турган тутумдаш жүрүм-турум эреже-талаптарынын жыйындысы, коомдук аңсезимдин түшүнүксүз да, түшүнүктүү да өтө татаал формасы, ал жеке адам, инсан үчүн транценденттүү мүнөзгө ээ. Аңсезимден сыртта тургандыгы үчүн, адамдык этика-этикетти сырттан туруп, сырткы күч катары жөндөгөндүгү үчүн ал трансценттүү [2, 4, 6].

Моралдык аң сезим эң жогорку апелляциялоо жана санкция берүү макамына ээ, моралдын санкциясын ала албаган жорук-жосундардын, идеологемалардын келечеги болбойт. Качан гана моралдык аң сезим коомдук прогресс менен үндөш болгондо инсаният үчүн жалпы ыңгайлуу шарт түзүлөт. Мындай учурда мораль өзгөчө шыктандыруучу интеграциялык кудуретке ээ болот. Моралдын чыныгы позитивдүү турпаты, кайсы бир деңгээлде, биринчиден, тигил же бул инсандын жеке өзүн-өзү туура баалашына (өзүнө-өзү адекваттуу баа беришине); экинчиден, анын өзүнө карата сынчыл мамилесине жараша болот.

Моралдын адамдын, адамзаттын жандүйнөсү, түшүнүгү, менталитети аркылуу көрүнүшү нарк болуп эсептелет. Нарктын обьективдүү табияты жалпы адамзаттык, улуттук катмарлдардан турат жана ал катмарлар бири-бири менен өтмөкатар байланышта, бирин-бири толуктап турат. Этикалык категория, структура түзүүчү дихотомия, биримдиктеги ажырымдык - "жакшылык" менен "жамандыктын", ошондой эле абийиир, милдет, жоопкерчилик сыяктуу моралдык формулалардын жалпы адамзаттык сегменти жана улуттук кыртышы бар.

Мораль, адептердин жыйындысы (имманенттүү конгломераты) коомдун туундусу экендиги аксиома, ал бир жагынан коомдук түзүлүш менен чектелип турат (ар бир коомдук түзүмдүн өз моралы бар), ал тигил же бул коомдук-тарыхый бүктөмдү чектеп да турат. Моралдын диалектикасы мына ушунда. Мораль (адеп-ахлак) тез-заматта калыптана калбайт, ал абстрактуу кубулуш эмес, ошондой эле конкреттүү-тарыхый нерсе менен да чектелбейт. Адеп-ахлак абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн, жалпылык менен жекеликтин өз ара жалгашкан айкалышы. Адеп – моралдын, моралдык жоболордун адамдын ички, жеке "МЕНине", моралдык абстракциялардын аңсезимдин адептик формасына айланышы болуп эсептелет. Адеп – адамдын адамкерчилигинин критерийи. Адеп адамдын аңсезиминдеги, жандүйнөсүндөгү "жакшылык" менен "жамандыктын", жакшы-жаман касиеттердин таразасы, абийирдин күзгүсү, адамдык милдет-жоопкерчиликтин деңгээли. Адеп жакшы болууга умтулууда эмес, жакшы деген пикирге татыктуу болууда.

И.Кант мораль (моралдын конкреттүү көрүнүшү адеп) жөнүндө мындай деп жазат: "Две вещи наполняют душу всегда новым и все более сильным удивлением и благоговением, чем чаще и продолжительнее мы размышляем о них, - это звездное небо надо мной и моральный закон во мне" [4, 562-565б.]. Демек, адам үчүн аалам кандай болсо, мораль да ошондой эле мааниге ээ. Сенин жүрүш-турушуңдун мотиви башкалардын жүрүш-турушу менен карама-каршы келбеш керек, башкалардын сага кандай мамиле жасашын кааласаң, сен да башкаларга ошондой мамиле жаса дейт Кант, өзүнүн категориялык императивинде.

Улут – этникалык тектүүлүк, тили, менталдуу маданияты, наркы (этосу) боюнча айрымаланган, ата-журт, мекенин ыйык туткан тарыхый-этностук кубулуш. Этникалык аңсезим, этникалык менталитет, этникалык иденттүүлүк Аристотельдин сөзү менен айтканда улуттук этос, пафос, логостун ажырагыс биримдиги. Этникалык иденттүүлүктүн улуттук иденттүүлүккө айланышы улуттук идеянын түптөлүшү, калыптанышы менен байланыштуу. Улуттук идея калыптанбаса, анын табиятындагы генетикалык сегмент - этникалык (уруулук) иденттүүлүк сакталып кала берет, алтургай басымдуу мүнөзгө ээ болот. "Улут болуп өсөбүзбү, же уруу боюнча жүрө беребизби" деген коомчулукка кеңири тараган жарандык пикирдин тамыры ушул жагдай менен түшүндүрүлөт.

Иденттүүлүк – жалпылыктын, социомаданий жалпылыктын конкреттүүлүгү, конкреттүү көрүнүшү, жекеликтин жалпылыгы, жалпылыктын жекелиги, жекеликтин жалпылыкка айланышы, жалпылыктын жекелик аркылуу көрүнүшү. Жекеликтин жалпылыкка таандыгы. Адамдын улутка таандык экендигин аңдай билиши, улуттук дөөлөттөрдү жеке өзүнүн психологиялык касиетине айландырышы улуттук имманенттүүлүк болуп эсептелет. Ал улуттук "мен" менен жеке адамдык "мендин" , "мен", "меники" деген түшүнүктөр менен "биз", "биздики" деген түшүнүктөрдүн табигый айкалышы. Адамдын өздүгүн аныктаган касиеттер менен улуттук дөөлөттөрдүн, улуттук кызыкчылыктардын айкалышы.

"Иденттүүлүк" түшүнүгүнүн апробацияланышы адатта Э.Эриксон менен байланыштырылат. [8, 196б.; 10,185-189б.]. Ал иденттүүлүктү жеке инсан менен тарыхый инсандын жалпылыгын туюу сезими катары түшүндүргөн. Иденттүүлүк адамдын, индивиддердин өзүнүн улутуна (мекенине, мамлекетине) карата эмоциялык ички сезимин, мамилесин, реакциясын чагылдыган, туюндурган социалдык-маданий норма.

Улуттук иденттүүлүктүн тарыхый төрт формасы бар: биринчиси, алгачкы байыркы формасы – үй-бүлө, кандын тектештиги боюнча аныкталган горизаниталдык форма; экинчиси, генетикалык (жаралыш теги, келип чыгышы боюнча) маанидеги вертикалдык форма, үчүнчүсү, территориянын жалпылыгы боюнча аныкталган форма, ошондой эле төртүнчүсү тили жана маданияты боюнча калыптанган форма. Ушул белгиленген консолидациялык мүнөзгө ээ формалардын (иденттик факторлордун) биримдиги улуттук иденттүүлүктүн маңызын түзөт.

Калыстык иретинде белгилей кетүүчү нерсе, илимпоздордун арасында коомдун илгерилеп өнүгүшү менен улуттук иденттүүлүк, мамлекеттүүлүк бара-бара жок болот, анын ордун цивилизациялык иденттүүлүк ээлейт деген космополиттик мүнөздөгү пикир да бар. Илим деген илим, илим айдыңында бири-бирин төгүндөгөн, же гипотеза иретиндеги ой-пикирлер айтылып келген, айтыла берет.

Менин жүрүш-турушум моралдык касиетке ээ болуш үчүн, ал менин ишенимим, көзкарашым менен дал келиш керек дейт Гегель. Улуттук иденттүүлүк моралдык касиетке ээ болуш үчүн, ал

(улуттук иденттүүлүк) жана анын пайдубалын түзгөн тил, тилдин семантикалык мейкиндигине терең сиңирилген нарк туруктуу көзкараштын зарыл формасына айланышы керек. Эмне үчүн тил жана нарктуулук – улуттук иденттүүлүктүн негизи, анткени улуттук тил жана улуттук нарк улуттук иденттүүлүктүн маңызын, табиятын аныктап турган постулат. Улуттук тилсиз жана улуттук нарксыз улуттук иденттүүлүктү элестетүү мүмкүн эмес. Улуттук тил жана улуттук нарк бар үчүн улуттук иденттүүлүк бар. Улуттук иденттүүлүк өзүн-өзү улут катары аңдаган аңсезим. Улуттук иденттүүлүк улуттук тил аркылуу аңдалган, улуттук улуттук тил аркылуу чагылдырылган улуттук нарк. Улуттук тил менен улуттук нарктын диалогу улуттук иденттүүлүктү түзөт. Хайдеггердин терминологиясын пайдаланып образдуу мүнөздөгөндө улуттук тил улуттук нарк менен улуттук иденттүүлүктүн "үйү", анткени нарк да, иденттүүлүк да тил аркылуу экзистенцияланат, жашайт. (Язык дом бытия)

Коомго, айлана-чөйрөгө башкаларга карата гана эмес, индивиддин өзүнүн өзүнө карата да милдети бар, ал милдеттин өзөгү – кыйын болсо да күн сайын адам болууга аракеттенүү болуп эсептелет. «Адамга эң кыйыны - күн сайын Адам болуу. Адамдын абийири күн сайын сыноого түшөт» - деп кыргыздын залкар жазуучусу, улуу инсан Ч. Т. Айтматов таамай айткандай адам болуу, адамдыктын идеалын сактоо, анын ыйман тазалыгына умтулуу - бул ыймандык кодекс. Өзүндөгү өзүнүн адамдык касиетин сактай билген, өзүнүн өздүгүн, адамдык парасатын сактай алган адам гана нарктуу адам.

Адамдык парасатты сактоонун сыналган жолу – акыл түйгөндү, туура ойлонгонду, этикалык ченемди адекваттуу колдоно билүү. Мейкиндик менен мезгилдин айкалышын эс-акыл, ой менен кылдат туя алган адам гана адамдыгын сактоого жөндөмдүү келет. Андай адам коомдун күрөө тамырын да таамай аныктай алат. Нарктуулуктун түйүнү да эс-акыл менен тепшилген ойжүгүртүүдө. Ой – акылдын чындыгы, акыл – ойдун өзөгү. Өзөгүңө карап иш кыл. Өзөгүн карап тааны. Өзөк – акылда. Нарктуулуктун түйүнү – өзөктө. Өзөк – бул иденттүүлүк.

Мораль – бул табияты боюнча татаал түшүнүк. [2,4,6] Ал пикирлердин кагылышынан жаралган келишпеген талаштын обьектиси катары байыркы миф-уламыштардын, философемалардан тартып абстрактуу ой бүтүмдөргө (мифологемаларга) чейинки алга-артка сапырылган өркөчтөнгөн толкун сымал чексиз баскычтарды басып өттү. Мораль коомдун туундусу боло жүрө, коомдук өнүгүш менен чектелип да келди, аны (тигил же бул коомдук-тарыхый бүктөмдү) чектеп да келди.

Мораль жана анын концептуалдык маңызын туюндурган этикалык түшүнүк-жоболор – алгалап-кетенчиктеген татаал табигый-социалдык процесстердин мыйзамченемдүү туундусу экендиги илимий-практикалык жактан тастыкталган. Коомдун, жашоо-турмуштун универсалдуу мыйзамченемдүүлүктөрдүн натыйжасында астейдил өнүгүшү, анын рухий көрөңгөсүн түзгөн моралдык- этикалык парадигмалардын эволюциясы менен тыгыз, өтмө-катар байланыштуу. Ал өзүнүн иммаменттүү табияты боюнча кайдадыр катып калган, сенек, өнүгүп-өзгөрбөй турган кубулуш эмес, тескеринче коомдун табигый эволюциясы (өзүн өзү аңдашы) менен тектеш, аны менен кошо илгерилеп келген салыштыр малуу көрүнүш. Демек, моралдык-этикалык таанымдын мазмундук талаасы тигил же бул коомдук түзүлүштүн, мезгил менен мейкиндиктин конкреттүү тарыхый алкагы менен шартталган. Мындан тышкары мораль жана аны илимий-теориялык жактан сыпаттаган этикалык түшүнүм-түшүнүктөр ар кандай коомдук түзүлүштөр гана эмес, ар кандай коомчулуктар (коомдук күчтөр, тарап-

тар, катмарлар, таптар) аркылуу ар кандай мазмунга эгедер.

Жакшылык жана жамандык ("жакшы" жана "жаман") түшүнүктөрү – нарктуулуктун түйүндүү туюнтмасы бүтүндөй моралдык-этикалык дүйнөтаанымдын өзөктүү тамыры. Концептуалдык диапозону алда-канча кеңири, маңызы терең бул түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагында тарыхый-логикалык таанымдын катмарланган парадигмалары камтылган. Ошондуктан алар бир эле убакта чагылдыруунун, таанымдын, мамиленин, баалоонун, табияттан сырткаркы күчтүн формалары катары көрүнөт. Бирок барып-келип, Канттык категориялык императивдин логикасына ылайык, алардын (жамандык менен жакшылыктын) өз ара айкалышы коомдун илгерилеген өнүгүшүн шарттайт. Болбосо болумуштун өр тарткан өнүгүшү иш жүзүнө ашмак эмес.

Аталган этикалык түшүнүктөрдүн шарттуулугу алардын социалдык жактан өбөлгөлөнгөн көп кырдуулугу менен байланыштуу. Кимдир бирөөгө же кимдир бирөөлөргө жакшы катары көрүнгөн (таанылган) нерсе, экинчи бирөөлөр үчүн жамандык иретинде туюлушу, сезилиши толук мүмкүн, же тескеринче. Мындай учурда түшүнүктөрдүн мазмундук карама-каршылыгы эмес, аны алып жүрүүчүлөрдүн келишпестиги басымдуулук кылат, башкача айтканда, концептуалдык туюнтма (субстанция) аны колдонуп-пайдаланып жаткан субстраттын социалдык макамына, дүйнөтаанымдык кудурет-деңгээлине жараша болот. Алтургай айрым учурларда (тарыхый-мезгилдик бүктөмдөрдө) мораль турмуштук практикадан эмансипацияланып бардык нерсе-кубулуштардан бийик турган кубаттуу кубулушка айланып, чындыктын чыгырыгы тескери айланат. Демек, чындык ар дайым эле моралдык-этикалык жагдайлар менен ченелбейт, же тескеринче, моралдык-этикалык түшүнүк-жоболор ар дайым эле чындыктын критерийи боло бербейт.

Мораль (адеп-ахлак) тез-заматта калыптана калбайт, ал абстрактуу кубулуш эмес, ошондой эле конкреттүү-тарыхый нерсе менен да чектелбейт. Адеп-ахлак абстрактуулук менен конкреттүүлүктүн, жалпылык менен жекеликтин өз ара жалгашкан айкалышы. Жаман эмес, жакшы деп сыпатталган билим-илим моралдын тикеден-тике көрүнүшү эмес, бирок катализатору. Моралдык-этикалык түшүнүктөрдүн жандуу диалектикалык табияты мына ушунда.

Адеп-ахлак адамдардын жан дүйнөсүн мүнөздөп, алардын өз ара мамилелери аркылуу дааналанып, конкреттүү мазмунга ээ болот. Мораль белгилүү деңгээлде жеке адам – индивидге (анын жеке мүдөө-талаптарын коомдук кызыкчылыктардан келип чыккан чектөөлөргө мажбурлап) карама-каршы турат. Башкача айтканда, коомдук мораль менен жеке инсандык мораль кайчылаш келет, бирок мындай кырдаал жалпысынан антагонисттик абалдын деңгээлине чейин көтөрүлбөйт, анткени жашоо (тарых) логикасы (жалпылык менен жекеликтин айкалышы) кетенчиктеп-илгерилеп өр тартууга багытталган.

Моралдык аң сезим эң жогорку апелляциялоо жана санкция берүү макамына ээ, анын алкагына сыйбаган жорук-жосундардын же андан да жалпы – идеологиялык кубулуштардын келечеги жок. Качан гана моралдык аң сезим коомдук прогресс менен үндөш болгондо инсанийат үчүн жалпы ыңгайлуу шарт түзүлөт. Мындай учурда мораль өзгөчө шыктандыруучу интеграциялык кудуретке ээ болот.

Моралдын чыныгы позитивдүү турпаты, кайсы бир деңгээлде, биринчиден, тигил же бул инсандын жеке өзүн-өзү туура баалашына (өзүнө-өзү адекваттуу баа беришине); экинчиден, анын өзүнө карата сынчыл мамилесине жараша болот. Мораль кандайдыр конкретүү фактылардын жалпыланышы эмес, ошондой эле ал тигил же бул конкреттүү фактыга

тиешелүү эмес. Мораль индивидуалдуу формага ээ эмес. Ушундан улам философтор көбүнесе моралдын идеалдык конструкцияларын түзүп келишкен. (Платондун идеалдуу өлкө жөнүндөгү окуусу, Спинозанын субстанциялары, Канттын ноумендери ж.б.).

Моралдын ички парадоксу (карама-каршылыгы) мына ушунда: ал конкреттүү фактылар менен дал келбейт (чектелбейт), ал эми анын сырткы парадоксу – аморалдык жана имморалдык көрүнүштөр менен болгон алакасында. Диалектикалык коллизия, айрым учурларда аморалдык көрүнүш моралдык алкакка айланат, же тигил, же бул чектелген топтун, индивиддердин моралдык жоболору коомдук моралдын деңгээлине көтөрүлөт (таңууланат). Буга табияты боюнча аморалдык жоболордун системасына карата моралдык бунт болгон жалпыга маалым Сократ менен Афиняндардын оптимистик трагедиясы күбө. Парадоксалдуу кубулуш ошол эле убакта, прогрессивдүү дүрмөткө эгедер моралдык аң сезимдин табышмактуу табияты анын ички карама-каршылыгында.

Моралдык окчундоо же жашоонун азыркы формасынын адамдык маңызга карама-каршы келиши масштабдуу тенденцияга айланган бүгүнкү учурда улуттук тил, улуттук нарк, улуттук иденттүүлүк тагдыр чечер курч көйгөй экендиги талашсыз. Макаланын соңунда анда козголгон маанилүү маселелердин конкреттүү көрүнүшү катары абийир тууралуу мурда даярдалган эссени тиркеме иретинде тепчип коюуну туура көрдүк.

Тиркеме:

Абийир элибиз ээлтен аздектеп келген асыл сапат. Карт тарыхтын кабелтең башкатырма түйүндүү табышмактарынын туңгуюгунда катылган сырдуу дүйнөсүнө сүңгүп кирген нечендеген ойчулдар болду. Көп сандаган философтор, жазуучулар жана окумуштуулар абийир деген эмне экенин ойлонушту. Абийирдин келип чыгышы, маңызы жана көрүнүштөрү жөнүндөгү суроолорго ойчулдар ар түрдүү, ал тургай карама-каршы жоопторду беришкен. Бул сөздүн мааниси көп.[1]

И.Кант таасын белгилегендей үстүбүздөгү жылдыздуу асман жана нарк-насил (мораль) мыйзамы тууралуу канчалык узак, тез ой чабыттаткан сайын, ошончолук таң калуу, ырахаттануу менен жан дүйнөбүз дүрбөлөңгө түшөт. Жылдыздуу асман көкмелжиген, чаалыкпаган мезгил менен канатташ чексиз мейкиндик. Аны адам акылы менен аңдап-өздөштүрүп келсе, жан дүйнөнү сугарып келген «экинчи нерсе» - нарк-насил, абийир, ар намыстын элегинен жаралат. Абийир деген эмне? Адам менен кошо алмустакта жаралып, адилет коюлган бул суроо, айрыкча азыр өзгөчө мааниге ээ. Көнүмүш нугунан ашып-ташып ээ-жаа бербей сел жүргөн сымал, турмуш бейбаш азоолугун карматып, белгисиз-чексиз мейкиндикке оюн салган сайын адамдан Абийир качып, нарк-насили жукарып бараткансыйт. Табиятынан келишпес Жакшылык менен Жамандык ээлки, кайчылаш таарынычын унутушуп калышкандай. Аларды таразалап, оң-тетирисин ылгап турган Абийир дабасы табылбаган дартка кабылгандай. Абийирден ал кеткен сайын, жакшылыктын шайы бошоп, жамандыктын үстөмдүгү ырбап бараткансыйт. Айтор жакшы менен жаман, дурус менен буруш тогошуп аңтарылган түшүнүктөрдүн маанилери алмашып калгансыйт. Кайдигерликтен, жөргөмүштүн желесиндей жайылган торунан бошой албаган абийир күндүзү шамчырак менен караңгы туңгуюктан жол издегендей. Тогуз жолдун тоомунда турган бүгүнкү турмуш ансыз да дүрбөлөңгө түшкөн жан-дүйнөнү ого бөтөр алдастатат. Акыл, ар-намыс, абийир жапайы сокур сезимдин туткунунда калгандай. Көр оокат деп чимирилген тулку-бойдун ээ бербеген эрки менен аң-сезим максатынан адашкан-

дай, ак менен кара, жарык менен караңгы мезгил-мейкиндиктин адатта, катаал мыйзамына баш бербей калгандай. Бир караганда ушундай. Абийир ооматынан ажырагандай. Бирок, Абийир эмес. Анын жан-дүйнөнү жүгөндөгөн көндүм аңызы жаңырып жатпасын. Кирдеп-сардап кеткен эски тонун силкип таштаган турмуш жаңы түшүнүктөрдүн үрөнүн сээп жаткандыр. Жакшы ниет жарым ырыс, барга манчыркап, жокко мүнкүрөбөй жакшылыктан күдөр үзбөйлү. Абийир соту али алдыда. Андыктан сөз учугу абийир, анын маңызы тууралуу улансын.

Абийир оңой менен акыл-эстин бутасына илинбеген татаал түшүнүк. Ал жан дүйнөнүн өзүнүн өзүнө багытталган монологу же акыл менен болгон диалогу. Чөйрөнүн, коомчулуктун колдоосунда калган ички дүйнөдөгү карама-каршылыкты айкалыштырып ылайыктуу калып-нукка салып, табигый-жапайы сезимди акылдын алкагынан чыгарбай турган улуу күч. Адамды адам кылып турган да абийир. Албетте, адамдын пенделиги бар. Акылдын алкагынан чыгып, сезимге алдырган учурлар болбой койбойт. Бирок мындай курч учурлардын «ысыгы суугандан» соң сезимге бийлеткен жан-дүйнө абийирдин жалындуу отуна капталат. Абийир адамдын рух жаатындагы акылы менен сезимдин түбөлүк күрөшүнүн күзгүсү. Анан калса алмустактан адамдын табиятына мүнөздүү акыл менен сезимдин мазмуну өзгөрсө да күрөшү чексиз. Кечээ эле айнығыс чындык сымал өкүм сүргөн ой бүтүмдөр бүгүн минтип түбүнөн омкорулду. Алардын ордун бирибизге жагып, бирибизге жакпаган жоболор басып келет. Муну абийирдин мазмундук диапазонунун турмуш шартына жараша объективдеши катары түшүнөлү.

Абийирдин бийиктиги - инсандын улуулугу. Анын моралдык автономияга ээ болушу. Абийирге шек келтирүү өзүнөзүнө каршы коюуга, өзүнө-өзү кыянатчылык, чыккынчылык кылууга төтө. Ошондой эле өзүнө-өзү куштарланган, суктангандын оңой менен абийири ойгонбойт. Абийир - чексиз, анын кудурети адамдын жеке керт башы, үй-бүлөсү менен эле чектелбейт. Абийирдин мокошу нарк-насилдин жакырданышына алып келет. Арийне сезимтал адамдын абийири илериңки келет: ал айрыкча колдоого, түшүнүүгө муктаж. Мындай адамга абайлаган аяр мамиле зарыл. Ушундан улам өзүнүн, абийирин кордобоо, тескерисинче аны күтө билүү - демократиянын түп талабы. Өз абийиринин алдында жооп берүү, өзгөлөрдүн күнөөсүн аңдоодон алда-канча татаал. Абийир - жан-дүйнөнүн өзү аркылуу тазарышы, арууланышы. Кептин ыңгайына жараша З.Фрейдге кайрыла кетсек. Адам психикасы үч аймактан турат: «Ал», «Мен», «Жогорку - Мен». Биринчи аймак туңгуюктагы бейаң (бессознательное) кубулушу; экинчиси - сырт дүйнө менен бейаңдын ортосундагы аң-сезим дүйнөсү; үчүнчүсү, «Жогорку -Мен» абийир кай бир деңгээлде моралдык цензуранын милдетин аткарат. Ошентип пенденин каалоо-мүдөөсүн канагаттандырууга, ырахаттанууга болгон умтулуусу менен чындыктын, аң-сезимдин айкалышуусун Абийир камсыз кылат. Бири-бирине карама-каршы сүйүү менен жек көрүүнүн, оройлук менен боорукерликтин алкагы да абийирдин мүмкүнчүлүгүнө жараша. Ошону менен бирге бейаңга негизделген жапайы сезимдин (инстинкттин) Абийирге таасирин танууга болбойт. Бирок жапайы сезимдин убактылуу жеңиши түбөлүктүү абийир сотунан кутула албайт. Өз энесин өлтүргөндөн кийин, Нерон жан-дүйнөсүн кемирген сары убайымга туш болот: аны ар дайым энесинин көлөкөсү, Фуриблер (змея женщина) от менен кубалап жүрүшөт. Кыңыр иш кырк жылда. Эртедир кечтир абийир соту болбой койбойт.

Дартка чалдыккан оорулуу абийир жоопко тартылгандан кийин же жоопко тарткандан азап. Өз күнөөсүн өзгөлөрдөн

көрүп, өзүнөн башканын баарын абийирсиз эсептегендер бар. Актануунун жеңил - жеңсиз жолу учурга, заманга шылтай салуу, абийирсиз бийлик өзүнө өзү доо кетирет. Бирок, зили кара өзгөйлүктүн абийирди жеңүүгө кудурети жетпейт. Албетте, ар кимдин абийири ар кандай: жалган абийир, псевдоабийир же абийирсиздик бийик моралдык кодекске коошпойт. Кошундусу жок таза, абсолюттуу идеал абийир да болбойт. Ошентсе да жалпы нарк-насилдин алкагында таза абийир күткөн инсандар жок эмес.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Веселова Е.К. Совесть как психологический феномен // Вестник Санкт-Петербургского университета. Сер. 12. Психология. Социология. Педагогика. 2009. № 4. - С. 127-135.
2. Гусейнов А.А. Понятие морали// [Электрондук ресурс] – режим доступа. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/ponyatie-morali/viewer
3. Дугин А. Г. Мартин Хайдеггер: философия другого Начала. – М.: Академический Проект; Фонд «Мир», 2010. – 389 с.
4. Кант, И. Собр. соч. В 8 тт. Юбил. изд. / Под общ. ред. проф. А. В. Гулыги. Т. 4. М.: «Чоро», 1994. - С. 562-565.
5. Лосев А.Ф. Миф – Число – Сущность. – М.: Мысль, 1994. - С. 580
6. Оправдание морали. Сборник научных статей. К 70-летию профессора Ю.В. Согомонова / Отв. ред. В.И. Бакштановский и А.Ю. Согомонов. / М.; Тюмень: Издание Центра прикладной этики и НИИ прикладной этики ТюмГНГУ, 2000. - 352 с
7. Симонова О. А. Теория идентичности Э. Г. Эриксона: социологические аспекты. - Брянск: Изд-во «Курсив», 2011. - 196 с.
8. Хайдеггер М. Время и бытие: Статьи и выступления / Пер. с нем.; Сост., пер., вступ. ст., коммент. и указ. В. В. Бибихина. – СПб.: Наука, 2007. – 621 с.
9. Щетинина, А. А. Проблемы исследования этнической идентичности личности в рамках эпигенетической теории Э. Эриксона / А. А. Щетинина. — Текст : непосредственный // Молодой ученый. — 2022. № 2 (397). — С. 185-189.